Токтом №1

Гуманитардык илимдер усулдук бирикмесинин август айындагы отуруму

27.08.2022.

Катышкандар -4

Катышкан мугалимдер :1. Асанбаева Д.Э

2. Исабаева З.А

3. Таалайбекова Б.Т

4.Нурланбек кызы Айнек

Каралуучу маселелелер

1. 2021-2022-окуу жылында гуманитардык илимер усулдук бирикмесинин ишине анализ берүү
2. Жаңы окуу жылындагы сааттык торчодогу өзгөрүүлөр менен таанышуу ,талкуулоо
3. 2022-2023-окуу жылына карата календарлык тематикалык пландарды бекитүү

Биринчи маселе боюнча УБ жетекчиси Асанбаева Д.Э. сүйлөдү .

2021-жылы окуу 15-сентябрда башталып 2022-жылдын 8-июнунда аяктады

Гуманитардык илимдер УБс даярдалган иш пландын негизинде иш чаралар өткөрүлдү

Кыргыз тили адабияты ,орус тили ,чет тили ,сабактарынан жогорудагы мугалимдер , тарых география сабактарынан Молдомусаева Л.Ж берчү .

Сентябрь айындагы мамлекеттик тил күнүндөгү баардык иш чараларга кыргыз тил адабияты мугалими Исабаева З.А башчылык кылып көзөмөл жасады .

Орус тили жана адабияты мугалими Таалайбекова Б.Т. 1-8-класстар арасында декада ,ачык сабактар ,жалпы мектеп ичиндеги иш чаралар кызыктуу ,көңүлдүү өтүлдү .

Англис тили жумалыгы 2022-жылы 15-22- февралга чейин өтүлдү.Мугалим Асанбаева Д.Э. 3-8-класстар арасында балдардын чет тилине болгон кызыгуусун арттыруу максатында ар класстарга ар кандай тапшырма берилди .Обондуу ыр ,жаңылмач,макал ,ачык сабактар өтүлдү .

Октябрь айынын аягында Нурланбек кызы Айнек жумушка киргендигине байланыштуу тарых жана география жумалыгын 5-9-класстар арасында өтүлдү .

2-маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты мугалими Исабаева З.А сүйлөдү .

КР билим берүү жана илим министирлигинин КР жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023-окуу жылынын базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө буйругу .2022-жылдын 5-августу ,№1529/1быйылкы окуу жылында окуу программаларында бир аз өзгөрүүлөр болду .

Чет тилдери боюнча сааттык торчодо өзгөрүүлөр болду .5-класста 1-саатка ,6-класста 1-саатка азайды .Башка предметтерден өзгөрүү болгон жок.

3-маселе боюнча УБ жетекчиси Асанбаева Д.Э сүйлөдү .

Аталган предметтердин өтүлүшү боюнча жылдык календардык тематикалык пландарды бекитүү боюнча көптөгөн варианттар болгондугуна байланыштуу стандартка жооп берген пландар бекитилиш керек .Ошондой эле бирикме жетекчисине ,корсотүлүп текшерилип ,андан кийин мектеп мүдүрүнүн текшерилүүсүнөн өтүп кол коюлуп мөөр басылып бекитилет.КТПны туура так бөлүштүрүү, түзүү ар бир мугалимдин милдети .

Чечим

1. 2021-2022-окуу жылынын аткарган иш чаралары канаатандырарлык деп табылсын.

2. 2022-2023-окуу жылына карата гуманитардык илимдер УБС иш планы түзүлүп бекитилсин,

3.Класс жетекчилерге предмет ник мугалимдерге пландарды так ,туура стандартка дал келгендей түзүлсүн.

4.Иштин жүрүшүн көзөмөлдөө УБ жетекчиси Асанбаева Д.Э. жүктөлсүн

Гуманитардык илимдер УБ жетекчиси :Асанбаева Д.Э.

Катчы: Нурланбек кызы Айнек

Токтом №2

Гуманитардык илимдер усулдук бирикмесинин август айындагы отуруму

26.09.2022.

Катышкандар -4

Катышкан мугалимдер :1. Асанбаева Д.Э

2. Исабаева З.А

3. Таалайбекова Б.Т

4.Нурланбек кызы Айнек

Каралуучу маселелелер

1.Мамлекетик тил күнүнүн ,кыргыз тил жана адабияты декадасынын өтүлүшүнө анализ берүү,жыйынтыктоо.

2. 5-класстын окуучуларынын негизги баскычка өткөндүгүнө байланыштуу алардын адаптацияланышы ,мугалимдер болгон мамилеси .

3.Мамлекеттик аккредитациядан өтүүгө даярдык көрүү ,иш пландарды бекитүү.

4. Предметтер боюнча окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу .

1- маселе боюнча кыргыз тил жана адабияты мугалими Исабаева З.А . кыскача сөз сүйлөдү

Ар бир класс өзүнө өздөрүнө бөлүнгөн пландар боюнча аткарышты .

Класс жетеекчилер чыгармачылык менен иштешип ,көркөм ырлар айтылып ,акын жазуучулардын өмүр баяндарына токтолушуп ,кыргыз ыр күүлөрү жаңырды .

Интернетен алынган кошумча аудио жана видео маалыматтар окуучулардын билим деңгээлин көтөрөт .

Кыргыз тил жана адабият декадасы мугалимдер Исабаева З.А . Нурланбек кызы А . түзүлгөн план боюнча иш алып барышты. “Каарынын кебин капка сал” ,”Арман ырлары ,койчунун арманы “ ,”Тарыхый инсан Байтик Канай уулуна 200-жыл “,” Г .Айтиевге 100-жыл “жана башка иш чаралар окуучулардын эсинде калды.

5-9-класстарда окуучкулардын окуу техникасы текшерилди.5-класста Бектуров Т. Бекенова А. Докторбеков А. Нормага жетишпейт .

6-класста Султанкулова Ж. талапка жооп бербейт.

7-класста Алденбердиев К. Кубанычбеков Ж . Жаныбеков Б. Абдылдаева Э.жетпейт.

8-класста Анварбеков С .Бекенов Б. начар окушат .

9-класста Жолдошбеков Э. Сатыбеков С. Кубанычбеков Д. Нормага жетпейт .

2-маселе боюнча 5-класстын класс жетекчиси , тарых жана география мугалими Нурланбек кызы А мындай деди : Бул класстын биринчи мугалими Алиева Д.Б . мээримдүүлүк менен жакшы окутту .Азыр буларга предметтер боюнча мугалидер кирип окутуп жатат .Окуучулар ашканадан

бекер тамак ичпей калышты ,ошол дагы кандайдыр бир таасирин тийгизди .Мен дагы класс жетекчи катары көңүл буруп аңгемелешип ,сурамжылап койгойлөрун чечүүгө жардам берип жатам .

3-маселе боюнча мектеп мүдүрү Чотуралиев  И .А . сүйлөдү :быltыркы март айында болуучу аккредитация быйылкы февраль айына которулган . Педколлектифдин ар бир мүчөсү өзүнө таандык документацияны чогултуу даярдоо ар биринин өзүнө жүктөлсүн .

4-маселе боюнча ар бир предметник окуу китептеринин жабдылышы боюнча маалымат берди .

Орус тили 8-9- класстар жетишпейт.

Чет тили 5-6-жетишпейт ,7-9- таптакыр жок ,ата -энелер өздөрү  70% камсыз болгон.

Чечим :

1. Мамлекеттик тил күнүнүн өтүлүшү жактырылсын ,окуучулардын окуу техникасына көңүл бурулсун .
2. 5-класстын окуучуларына аяр мамиле жасалсын
3. Мамлекеттик аккредитацияга даярдыктар көрүлсүн .
4. Англис тили боюнча окуу китептеринин жетишсиздики жоюлсуна китепканачы Абдыраимова А . жооп берсин .

УБ башчысы: Асанбаева Д.Э .

Катчысы: Нурланбек кызы А.